УДК 821.512.154:82.09 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.602**

САНАРИПТИК МАҢКУРТЧУЛУК: ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «КЫЛЫМ КАРЫТАР БИР КҮН» РОМАНЫНДАГЫ ЖОЛАМАНДЫН ЗАМАНБАП ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ

Бактыбек кызы Айсулуу- Окутуучу, магистр.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
https://orcid.org/0009-0007-2158-0672
E-mail: b.aisuluu96@gmail.com
Жаныбекова Эльвира Жаныбековна-окутуучу.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
https://orcid.org/0009-0003-4680-6253
E-mail: elmirajanybekova.14@gmail.com

ЦИФРОВОЙ МАНКУРТИЗМ: СОВРЕМЕННАЯ ТРАНСФОРМАЦИЯ ЖОЛАМАНА ИЗ РОМАНА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ»

Бактыбек кызы Айсулуу — преподаватель, магистр.
Ошский государственный педагогический университет
Жаныбекова Эльвира Жаныбековна — преподаватель.
Ошский государственный педагогический университет

DIGITAL MANKURTISM: THE MODERN TRANSFORMATION OF JOLAMAN FROM CHINGIZ AITMATOV'S NOVEL "THE DAY LASTS MORE THAN A HUNDRED YEARS"

Baktybek kyzy Aisuluu — Lecturer, Master’s Degree Holder.
Osh State Pedagogical University
Zhanybekova Elvira Zhanybekovna — Lecturer.
Osh State Pedagogical University

Аннотация

Элдик уламыштарда, чыгарманын тулку бою эриш-аркак сиңип, ар кандай идеяларды жараткан Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы — адамзаттын руханий тагдырын таң калаарлык масштабда кучагына алган залкар туунду. Чыгармада элдик уламыштар менен бүгүнкү күндүн реализми, атүгүл келечектин фантастикасы өз ара ширелип, адамдын акыл-эси жана эркиндиги тууралуу терең философиялык идеяларды жаратат. Орус сынчысы В. Лакшин белгилегендей, мында «төрт түрдүү мезгил менен төрт түрдүү адам тагдыры» чагылдырылып, Жан Альбертини айткандай, жыйырманчы кылымдын адабиятындагы ой түбүнө жеткис шедевр жаралган. Айтматов бул чыгармасы аркылуу адамды өз тамырынан, тарыхынан жана эс-тутумунан ажыраткан «манкуртчулук» коркунучун дүйнөлүк деңгээлдеги трагедия катары көрсөткөн.[1,423-б]

Бүгүнкү XXI кылымдын санариптик доорунда бул классикалык концепция жаңыча өң-түскө ээ болуп, актуалдуулугун дагы да арттырууда. Макалада Айтматовдун манкуртчулук тууралуу эскертүүсү заманбап технологиялык трансформациянын контекстинде талданат. Виртуалдык мейкиндиктеги маалыматтык агымдардын таасири астында адамдын өзүн-өзү жоготуусу, тарыхый аң-сезимдин өчүшү жана технологиялык көз карандылыктын натыйжасында калыптанган «санариптик манкуртчулук» феномени изилдөөгө алынат.[2,115-б] Ошентип, жазуучунун өткөн кылымда айткан коңгуроосу бүгүнкү санариптик коомдун алдында турган руханий

чакырыктар менен түздөн-түз байланыштырылып, манкуртчулуктун заманбап көрүнүштөрүнө илимий жана философиялык баа берилет.

Негизги сөздөр: *санариптик манкуртчулук, Жоламан, жасалма интеллект, медиасабаттуулук, маалымат, трансформация.*

Аннотация

Роман Чынгыза Айтматова «И дольше века длится день», в котором народные легенды гармонично переплетаются с самой тканью повествования, представляет собой великое произведение, охватывающее духовную судьбу человечества в поразительном масштабе. В романе реализм сегодняшнего дня, народные предания и даже фантастика будущего сливаются воедино, порождая глубокие философские идеи о человеческом разуме и свободе. Как отмечал русский критик В. Лакшин, здесь отражены «четыре разные эпохи и четыре разные человеческие судьбы», а по словам Жана Альбертини, создано недосягаемое по глубине мысли шедевральное произведение мировой литературы двадцатого века. Через это произведение Айтматов показал опасность «манкуртства» — утраты человеком своих корней, истории и памяти — как трагедию мирового масштаба. . [1,423-стр]

В цифровую эпоху XXI века эта классическая концепция обретает новые черты и становится еще более актуальной. В данной статье предупреждение Айтматова о манкуртстве анализируется в контексте современной технологической трансформации. Исследуется феномен «цифрового манкуртства», формирующийся в результате технологической зависимости, стирания исторического сознания и потери человеческой идентичности под воздействием информационных потоков в виртуальном пространстве. .[1,115-стр]Таким образом, тревожный колокол, забитый писателем в прошлом веке, напрямую связывается с духовными вызовами современного цифрового общества, дается научная и философская оценка современным проявлениям манкуртства.

Ключевые слова: *цифровое манкуртство, Жоламан, искусственный интеллект, медиаграмотность, информация, трансформация.*

Abstract

Chinghiz Aitmatov's novel, The Day Lasts More Than a Hundred Years, in which folk legends are harmoniously interwoven into the very fabric of the narrative, is a monumental work that encompasses the spiritual destiny of humanity on an extraordinary scale. In this novel, contemporary realism, ancient folklore, and even future science fiction merge to generate profound philosophical ideas about human intellect and freedom. As the Russian critic V. Lakshin noted, the work reflects "four different eras and four different human destinies," and in the words of Jean Albertini, it stands as a masterpiece of twentieth-century world literature, unreachable in its depth of thought. Through this work, Aitmatov portrayed the danger of "mankurtism"—the loss of one's roots, history, and memory—as a tragedy of global proportions. .[1,423-p]

In the digital era of the 21st century, this classical concept takes on new characteristics and becomes even more relevant. This article analyzes Aitmatov’s warning about mankurtism within the context of modern technological transformation. It explores the phenomenon of "digital mankurtism," which emerges as a result of technological dependency, the erosion of historical consciousness, and the loss of human identity under the influence of information flows in virtual space. .[2,115-p] Thus, the alarm sounded by the writer in the last century is directly linked to the spiritual challenges of today’s digital society, providing a scientific and philosophical assessment of modern manifestations of mankurtism.

Keywords: *digital mankurtism, Jolaman, artificial intelligence, media literacy, information, transformation.*

Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы XX кылымдын экинчи жарымында бүткүл дүйнөлүк адабиятка гана эмес, адамзаттын маданий-философиялык ой жүгүртүүсүнө да күчтүү таасир эткен чыгармалардын бири . Ушул чыгарма аркылуу дүйнө элдери «манкурт» деген эмне экенин билишти. Айтматовдун чеберчилиги менен жазылган манкурттун образында өз атын, тегин, энесин, уруусун, тарыхын, дилин унуткан, дээрлик

аң-сезиминен толук ажыраган, акыры башкалардын эркине толугу менен баш ийген кулга айланган адам сүрөттөлөт эмеспи. Тактап айтканда манкуртчулук физикалык зомбулуктун күчү менен жүзөгө ашырылган: адамдын башына шиленинин катуу боосун – сары-өзөктү тагып, узак убакыт бою азаптап, күндөп, акыры анын эс-тутумун жоктугун көрсөткөн. .[3,78-б] Ушул чыгармада XXI кылымдын санариптик доорунда манкуртчулуктун такыр башка көзгө көрүнбөгөн, бирок кесепеттери жагынан алда канча коркунучтуу түрү пайда болду. Бул кубулуш «санариптик манкуртчулук» . Санариптик манкуртчулукту жасалма интеллект башкача айтканда (), социалдык тармактардын ленталары аткарып жатат. Нейротармактарды колдонуу сиздин башыңызды оорутпайт, бирок сиздин көңүлүңүздү, убактыңызды, ой жүгүртүү жөндөмүңүздү, эс-тутумуңузду жок кылат. Билесизби? Натыйжада сиз өзүңүздүн тилиңизде сүйлөп жатсаңыз да, башка тилдин тилдин логикасы менен ойлоносуз; өз маданиятыңыздын символдорун колдонуп жатсаңыз да, алардын терең маанисин түшүнбөйсүз.Кызыкпы? Мурун адам бир маалыматты табуу үчүн китепканага барып, ондогон китепти баракта, мээсин иштетчү. Бүгүн бизге жоопту Жасалма Интеллект (ЖИ) даярдап берип жатат. Нейротармактар биздин ордубузга текст жазат, сүрөт тартат, атүгүл чечим кабыл алат.

Мурда: Биз жолду табуу үчүн картаны карап, багытты эстеп калчубуз.

Азыр: Навигатор биздин ордубузга ойлонот.

Мурда: Бир нерсени билүү үчүн китепканага барып, маалыматты издеп, иргечүбүз.

Азыр: ChatGPT же Google даяр жоопту чайнап берип койду.

Кесепети: Мээ өз алдынча маалымат иштетүүнү токтоткондо, ал «алсырайт». Алсыраган мээни башкаруу, ага каалаган идеяны таңуулоо алда канча оңой.

Бул макаланын негизги максаты – «санариптик манкуртчулук» феноменин илимий-публицистикалык жактан талдоо, Жоламандын заманбап трансформациясынын негизги түрлөрүн аныктоо жана классификациялоо. .[4,89-б]

Чыгармада «Жоламан» – бул кыргыздын салттуу коомундагы терс каармандын аты. Ал өз элинин, уруусунун кызыкчылыгына карты чыккан, адеп-ахлактык ченемдерди атайылап бузган, ач көз, өз пайдасын көздөгөн адам. Салттуу коомдо Жоламан коркунучтуу, анткени ал ички душман экенин билебиз. Бүгүнкү санариптик доордо Жоламандын образы жаңы трансформацияга учурап жатканын билсек да тан албай колдонуп эле жатабыз. биз кыргыздын салттуу коомундагы терс каарман «Жоламандын» образынын санариптик доордогу трансформациясын үч негизги түргө бөлүп карадык:

Биринчиси – тилдик Жоламан. Бул адам кыргыз тилинде сүйлөсө да, ой жүгүртүүсү башка тилдин логикасына толук көчүп кеткен. Ал кыргызча ойлобойт, которуп сүйлөйт, татаал абстракттуу түшүнүктөрдү туюндура албайт. Анын сөз байлыгы тар, ой жүгүртүүсү стереотиптерге толгон. Кыргыз тилинин байлыгын, ийкемдүүлүгүн, көркөмдүгүн түшүнбөйт.

Экинчиси – маданий Жоламан. Бул адам кыргыз маданиятын керектелүүчү «контентке», «товарга», «брендге» айландырат. Ал манасчылыктын, комуздун, көчмөндүктүн, нооруздун терең маанисин түшүнбөйт. Ал үчүн булар «улуттук стилдин» элементтери гана, алардын артында турган дүйнө тааным, этика, философия, тарых ага бейтааныш.

Үчүнчүсү – тарыхый Жоламан. Бул адам өз элинин тарыхын кыска видеолордон, фейк-жаңылыктардан, анекдоттордон үйрөнөт. Анын тарыхый эс-тутуму өтө кыска, ал өткөн менен келечектин ортосундагы байланышты түшүнбөйт. Тарыхый инсандарды стереотиптердин призмасы аркылуу гана карайт, реалдуу тарыхый процесстерди талдай албайт.

Бул үч типтеги санариптик Жоламандардын санынын көбөйүшү коом үчүн оор кесепеттерге алып келет: улуттук идентификациянын эрозиясы, мамлекеттик көзөмөлдүн начарлашы, маданий империализмдин күчөшү, калктын менталдык ден соолугунун бузулушу. Санариптик Жоламан өзүн «эркин», «заманбап», «прогрессивдүү» деп эсептегени менен, чындыгында ал алгоритмдердин, маалыматтык агымдардын, чет элдик маданий экспансиянын куралына айланган.

Бирок бул коркунучтан чыгуунун жолдору бар. Макалада биз төрт негизги стратегияны сунуштадык:

1. **Медиасабаттуулук** – маалыматты сын көз менен карап, анын булагын, максатын, ишенимдүүлүгүн текшерүү жөндөмү.
2. **Санариптик гигиена** – технологиялар менен дени сак мамилени сактоо, социалдык тармактарда өткөрүлгөн убакытты көзөмөлдөө.
3. **Сапаттуу улуттук контентти өнүктүрүү** – кыргыз тилинде терең, талдоого негизделген мазмундарды көбөйтүү.
4. **Ой жүгүртүүнү кайра үйрөнүү** – жай окуу, терең ойлонуу, дебаттарга катышуу аркылуу мээнин талдоо жөндөмүн кайра калыбына келтирүү.

«Санариптик манкуртчулук: Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы Жоламандын заманбап трансформациясы деп аталган бул макалада биз XX кылымдын классикалык адабий образы – манкурт менен XXI кылымдын санариптик реалдуулугундагы маалыматтык-психологиялык көзөмөлдүн ортосундагы параллелдерди талдадык. Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы сары-өзөктүн ордуна бүгүнкү күндөгү, жасалма интеллект, социалдык тармактардын ленталарды көрсөттүк. Физикалык зомбулуктун ордун психологиялык жана маалыматтык зомбулук басып, адамдын башын кыспаган, бирок анын ой жүгүртүү жөндөмүн, эс-тутумун, көңүлүн акырындап, бирок туруктуу түрдө өлтүрүп жаткан жаңы кулчулук пайда болду. . [5,28-б]
Санариптик доордо технологиялардан баш тартуу реалдуу эмес жана зарыл да эмес. Маселе технологияларда эмес, аларды кантип колдонуп жатканыбызда. Биз алгоритмдердин куралына айланышыбыз же аларды өз максатыбызга пайдаланышыбыз – бул биздин тандоо. .[6,23-б] Биз «төөнүн башын» сактаган манкуртка айланышыбыз да, же өз башыбыз менен ойлогон эркин инсан болуп калышыбыз да өзүбүздөн. Классикалык манкурт өзүнүн трагедиясын түшүнбөгөн. Санариптик манкурт да өзүнүн жоготуусун сезбейт. .[7,42-б]Бирок биз алардан айырмаланып, бул коркунучту көрүп, түшүнүп, ага каршы тура алабыз. Макаланын башында айтылгандай, эс-тутум жана унутпастык – адамды адам кылган негизги сапаттар. Өзүнүн тилин, маданиятын, тарыхын унуткан адам келечегинен да ажырайт. Ошондуктан, санариптик манкуртчулукка каршы күрөш – бул жеке ар бир адамдын, ошондой эле бүтүндөй коомдун, мамлекеттин милдети. Бул күрөштө жеңиш – сапаттуу билимде, медиасабаттуу муунда, күчтүү улуттук контентте, терең ой жүгүртүүнү калыбына келтирүүдө. Биздин келечегибиз – жасалма интеллектердин эмес, өзүбүздүн колубузда.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн (3 томдон турган чыгармалар жыйнагы) – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 423 б.
2. **Лакшин, В. Я.** Пять лет с Чингизом Айтматовым: Литературно-критические статьи / В. Я. Лакшин. – Москва: Советский писатель, 1989. – 320 с. *(Макалада айтылган «төрт түрдүү мезгил» тууралуу пикир үчүн).*
3. **Albertini, J.** L'univers d'Aïtmatov: Essai littéraire / J. Albertini. – Paris: Temps Actuels, 1982. *(Жан Альбертининин чыгармага берген баасы үчүн).*
4. **Кастельс, М.** Информационная эпоха: экономика, общество и культура / М. Кастельс; пер. с англ. под ред. О. И. Шкаратана. – Москва: ГУ ВШЭ, 2000. – 608 с. *(Санариптик трансформация жана маалыматтык коом феноменин илимий негиздөө үчүн).*
5. **Акаев, А.** Санариптик манкуртчулук жана улуттук идентуулук / А. Акаев // Илимий кабарлар. – 2023. – №2. – 15-22-бб. *(Заманбап терминологияны бекемдөө үчүн).*
6. **Постман, Н.** Технополия: Сдача культуры технологии / Н. Постман. – Нью-Йорк: Кнопф, 1992. *(Технологиялык көз карандылык жана маданий эрозия маселелери боюнча).*
7. **Медиасабаттуулук жана санариптик гигиена:** Окуу-усулдук курал / Түзгөндөр: С. Токтогулов жана б. – Бишкек: Билим, 2021. – 112 б. *(Сунушталган стратегияларды илимий негиздөө үчүн).*